**П. Ф. Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде өспүрүмдөр арасында жайылып бара жаткан “Көк кит” оюнун алдын алуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү максатында 5, 6, 7, 8, 9, 10, 11- класстарынын ата – энелери менен өткөрүлгөн чогулуштун**

**Токтому**

**30 – январь 2023 жыл**

**Катышуучулар: Мектеп директору: Калпаков А. А.**

**БИИнин кызматкери: Бакыт к Седеп**

**Организатор: Шайлообекова М. Ш.**

**Соц. педагог: Бедигулова А. Б.**

**Мугалимдер жамааты**

**5 – 11 класстардын ата – энелеринин саны: 96**

1. **Каралуучу маселе:**

**Өспүрүмдөр арасында жаңыдан интернет аркылуу тарап жаткан оюндар жөнүндө маалымат берүү жана алдын алуу.**

**Угулду:**

**Каралуучу маселе боюнча мектеп директору А. А. Калпаков сүйлөдү:**

Саламатсыздарбы Урматтуў ата – энелер жана мугалимдер, бүгүн сиздерди бул жерге чогултуп отурган себебибиз, өлкөбүздүн кээ бир аймактарында окуучулар арасында катталган “Көк кит” оюнунун зыяндуулу түшүндүрүү жана анын алдын алуу.Бул оюнду окуучулар интернет булактарынан көрүп аны туурап көрүшүүдө. Оюн жөнүндө маалымат бере кетсек, балдар убактылуу жашынып турам деп үйдөн качып эч кимге дайынын билдергей кетет. Бул оюн “Көк кит” деген ат менен интернет булактарында онлайн ойнолот экен.

Ошол себептен биз сиздерге кайрылат элек, балдарыңыздарга көзөмөлдү күчөтүп , уюлдук телефон менен колдонуусун чектеп, көзөмөлдөп туруууңузду өтүнөбүз.

**ЖОИнин тескөөчүсү: Нурлан уулу Султан**

Урматтуу ата – энелер жана мугалимдер сиздер интернет булактарында жүрүп келген оюндар жөнүндө уксаңыздар керек. Алар жөнүндө окуучуларга дагы түшүндүрүү иштери жүрүп келген, эми бираз тынчып калганда жаңы оюн чыгып, элдин үшүн алууда. Ошол себептен баарыбыз кайдыгер болбостон балдарга ар тараптуу көзөмөлдү күчөтөлүү. Окуучуларга бул оюн тууралу түздөн түз маалымат бербестен, жөн гана уюлдук телефондорун текшерип, бош убактысында эмне менен алек болуп жаткандыгына көз салып турсак көп нерсен алдын алабыз деп ишенем.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

1. **Ата -эне – Жамгырчиев Ринаттын сөзү:**

Менин оюмча балдарыбыздын коопсуздугу биздин колубузда, анткени уюлдук телефондорду да алып берген өзүбүз. Ошол себептеп урматтуу ата – энелер бул ишти мугалимдерге гана жүктөп койбостон жапа тырмак колго алалы. Ар бир ата – эне жумушту шылтоо кылып , балдарына кайдыгер карабастан көзөмөлгө алалы. Балдарыбыздын тартибине көз салалы. Рахмат.

2. **Ата – эне – Орозобекова Зариналын сөзү:**

Азыркы учурда, коомубузда коркунучтуу нерселер көбөйүүдө. Мындай нерселер баарыбызды тынчсыздандырууда . Чындыгында, ар бир баланын ден – соолугу келечеги өзүбүздүн колубузда Мындай жат көрүнүштөрдү алдын алуу үчүн баарыбыз биргеликте иш алып баралы. Балдарыбыз мектепке караганда көпчүлүк убактысын үйдө өткөрөт. Ошол себептен, балдарыбызга үйдөн көзөмөлдү күчөтөлү

***Жогоруда айтылгандарды угуп жана талкуулап чогулуш***

**чечим кылат:**

**1.Ыссык – көл райондук билим берүү бөлүмүнөн келген тапшырманы жетекчиликке алынып , иш чара түзүп, аткарууга мектептин соц. педагогу Бердигулова А. Б.га милдеттендирилсин.**

**2. БИИнин кызматкери, ата – энелер жана мектеп администрациясы, класс жетекчилер менен биргеликте кечки рейдлер үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн.**

**3. Социалдык тармакта жана интернет булактарындагы ар кандай оюндардан алыс болуу жана мектепте уюлдук телефондорду алып келүүгө тыйуу салынсын.**

**4. Мектепте класстарга рейд кылуу, окуучулардын уюлдук телефондорун мектепке алып келбешин көзөмөлгө алуу мектептин тарбия завучу Шайлообекова М. Шга, ошондой эле мектептин парламентинине тапшырылсын.**

**5. Чечмдин аткарылышын көзөмөлдөө жагын мектептин директору А. А. Калпковко милдеттендирилсин.**

**Мектеп директору: А. А. Калпаков**

**Катчы: Имаш к Акжолтой**

**П. Ф. Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин**

**«Диний экстремизмге, терроризмге» каршы мектептерде тарбиялык иштерди күчөтүү жөнүндө өтүлгөн чогулуштун протоколу.**

**6.03.23. жыл** **Семеновка айылы.**

**Катышкандар:**

**Организатор: Шайлообекова М. Ш.**

**Соц.педагог: Бердигулова А. Б.**

**Күн тартибиндекаралуучу маселелер.**

1. «Диний экстримизмге,каршы окуучулар арасында профилактикалык иштерди жүргүзүү».

1.Каралуучу маселе организатор:Саламатсыңар окуучулар!Мен силерге бүгүнкү тема боюнча маалыматтардан бөлүшө кетейин.

Өкмөт 2017-2020- жылдарга Кыргызстандагы экстремизм жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик программаны коомдук талкууга чыгарды .Программа экстремизм менен терроризмге каршы күрөшүү, экстремизмдин алдын алуу, терроризм коркунучун жокко чыгаруу тармактарында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу каралган.О.э,аталган программа адамдын, инсандын, коомчулуктун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоого багытталат. Азыркы учурда диний экстремизмге,терроризмге каршы максатында жер-жерлерде ГКНБ,милиция,өзгөчө кырдаалдар кызматкерлери менен бирдикте атайын иш-чаралар өтүлүп турат.

2.Соц.педагог: БердигуловаА. Б.

Балдар терроризм, диний экстремизм деген эмне? Силерге түшүндүрүп кетейин. «Терроризм» деген (латынча «террор»-коркутуу,үрөйүн учуруу).синоними зордук кылуу.Тамыры кайда жатат,дин менен кандай байланышы бар.

«Терроризм» элге,мамлекетке кыянаттык кылып,ошонун негизинде укуктук бийликти коркутуп,өзүнүн идеологиялык түпкү максатына жетиш үчүн башкаларды багындыруу жана иштетүү болуп саналат.

Диний экстремизм-коом үчүн адат болгон диний кадыр барктарды жок кылыш жана өз максаттарын кеңешпей туруп зордук менен талап кылышы.

Азыркы учурда ар кандай диний агымдар көбөйүп кетти.Мисалга алсак Вахабизм,Хизбут-Тахрир,Акрамия,Баптистер жана башка көптөгөн каттодон өтпөгөн диний агымдар биздин келечегибизди кура турган жаштарды туура эмес багыттап,азгырып кетип бара жатышат.Бул агымдар негизинен адам баласынын жашоосуна кереги жок салттар менен ырымдарды,ислам динин бурмалоо менен жаштарды өз катарларына кошууга катуу аракеттенип жатышат.Жаштарыбыздын диний сабатсыздыгынан пайдаланышып,аларды

диний экстремизмге жана терроризмге түртүп,үгүттөп

жатышат.Балдар,силер билесиңерби? Ислам дининин азыркы учурда 73 агымы бар,ошонун ичинен бир эле агымы пайгамбарыбыз Мухаммед аллолоху алейхи вассаллаамдын жолун ээрчип,куран китепбин кармаган инсандар.

Ислам дини дүйнөдөгү эң күчтүү жана таза дин экендигин белгилеп кетебиз. Кыргыз элинин өзүнүн каада-салттары,үрп-адаттары бар.

Ошондуктан окуучулар тилибизди, динибизди, улутубузду бийик туталы.

Чогулуш угуп, талкуулап чыгып токтом кылат.

1.Мектеп администрациясы ар бир класс жетекчиге диний экстремизм жөнүндө түшүндүрүү иштеринин жүргүзүлүшүн талап кылсын.

2.Жогорку класстарда диний экстремизм боюнча класстык сааттар өтүлсүн (Кошумча маалыматтарды алышсын,тегерек стол).

3.Мечитке баргандары көзөмөлдөшсүн.

Мектеп директору: ________ А. А. Калпаков

Катчы: ________ Имаш к Акжолтой

П.Ф. Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 11-класстын окуучулары арасында Клей жыттоонун ден соолука тийгизген таасирлери жөнүнө өтүлгөн чогулуштун

Токтому

19. 12.22ж. П.Ф. Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

Катышкандар

11- класстын окуучулары
Класс жетекчиси: Чешева А. А. Жанузакова Ж. К.
Мектеп администрациясы
БИИ кызматкери: Бакыт к Седеп

Күн тартибинде

1. Клей жөнүндө маалымат берүү.

Каралуучу маселе боюнча БИИ Бакыт к Седеп төмөнкүлөргө токтолду: Саламатсынарбы эжейлер, окуучулар менин бүгүн мектепке келгенимдин түздөн түз себеби силерге клей жөнүндө маалымат берүү.Негизинен уккан болушунар болуш керек азыркы тапта Кыргызстандын ар кайсы аймактарында жаштар анын ичнде окуучулар арасында клей жыттоо модага айланып бара жатат.Клей адамдын организимине аябай терс таасирин тийгизген зат болуп эсептелинет.Аны салафанга салып алып оозун бууп үйлөп турун оозун такап жытташат.Клей жыттаган адам эмне болот?Адам спирт ичимдик ичкен адам билесиңер кандай болуп калат ээ, ошондой болуп элэ эмне кылганын билбей, дайыны жок күлүп,өзүнө-өзү ээ болбой баштайт.Эң жаманы эртеси кадимкидей башы ооруп клейди кайра эңсеп кайра жыттагысы келет экен.

2.Соц педагог Сыдыкова Н. Д.
Балдар азыр өнүккөн заман болуп калбадыбы баарыбызда телефон бар, баарыбыз интернетке киребиз клей жыттоо жөнүндө интернет булактарында көптөгөн маалымат бар. Көбүңөр ошол маалыматтарды көргөнсүңөр жана таанышсыңар. Бирон силердин жаш өсүп келе жаткан организимиңерге кандай таасир тийгизээри жөнүндө маалыматыңар жок.Клейдин составында толуол деген зат бар, ошол зат силердин мээңерге барып, жүрөгүңөрдү, бөйрөгүңөрдү дегеле бүт организимиңерди талкалайт. Келечегиңер эмне болот, оорукчан адамдан кандай балдар жаралат ошону ойлонуш керек.

3.Организатор Шайлообекова М. Ш:
Баарынан жаманы ошол клейди бир жыттагандан кийин кайра аны колдоонунун талап кылганы эң жаман. Жанагы арака, наркотикалык заттарга берилип калган адамдарды көчөдөн көп элэ көрөбүз. Бүгүн ичкен адам эртеси сөзсүз кайра ичкиси келет, наркотикалын заттарды пайдаланган адам кайра-кайра ошол заттарды пайдалангысы келет, клей дагы ошондой акырын билинбей баш ийдирип алат.Силер келечегиңерге балта чаап жатасыңар. Силерди ушу дүйнөгө алып келген ата-энеңерди ойлогула. Араңарда клей

жыттап жүргөн окуучулар бар болсо жаап-жашырбай билдиргиле. Эртеңки күнү кеч болуп калбасын

Чогулуш угуп чечим кылат:

1 Окуучулардын жүрүш-турушуна катуу класс жетекчилер арасында көзөмөл жүргүзүлсүн.

2. Окуучуларга байкоо жүргүзүү, профиликтикалык түшүндүрүү иштери организатор.соц педагокко милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Калпаков А. А.

Катчы: Имаш кызы Акжолтой